## Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2013-жылдын август айы)*

Август айында Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча бир аукциону өткөрүлгөн. Рыноктун катышуучулары тарабынан 250,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатылып алынган, бул көлөм өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 2,2 эсе көбөйтүлгөн. Сатуунун мындай көбөйүүсү коммерциялык банктар тарабынан жигердүүлүктүн жогорулашынан (мурдагыдай эле бир коммерциялык банк кыйла жигердүүлүктү көрсөткөн) жана институционалдык инвесторлор тарабынан кызыкчылыктын арттыруусунан улам болгон.

Канааттандыраарлык суроо-талаптын деңгээли 28,4 п.п. көбөйүп, 74,6 пайызды түзгөн. Ушуну менен бирге эле баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү, мурдагыдай эле 15,0 пайызда калыптанган. Рыноктун катышуучулары тарабынан суроо-талаптын орточо аукциондук көлөмү 335,0 млн. сомду түзгөн.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү мамлекеттик казына облигацияларынын көлөмү 5,6 млрд. сомго чейин (-2,3 пайызга) төмөндөгөн. Институционалдык инвесторлордун портфели, үлүштүк мааниде 49,3 пайызды (-1,9 п.п.) түзүү менен 5,8 пайызга азайган. Мында, коммерциялык банктардын үлүшүнүн 50,7 пайызга (+1,9 п.п.) чейин көбөйүшү байкалган. Мурдагы айдагыдай эле, юридикалык жактардын-резиденттеринин үлүшү 0,1 пайызды түзгөн.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу индекси[1] 0,38 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтөт жана рынокто бирдей үлүшкө ээ үч инвестордун катышкандыгына дал келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто мамлекеттик казына облигациялары менен жүргүзүлгөн операциялар 98,8 млн. сом суммасында ишке ашырылган.

[1] Бул индекс банктар портфелиндеги МКОнун концентрациялануу деңгээлин көрсөтөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болуучу маанилери 0дөн 1ге чейинки маанини камтыйт. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүшкө ээ эки катышуучунун; ал эми 0,3 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Август'2012 | 3,936,450.0 | 2,563,273.2 | 65.1% | 1,369,974.6 | 34.8% | 3,160.2 | 0.1% |
| Сентябрь | 4,092,450.0 | 2,441,373.2 | 59.7% | 1,647,874.6 | 40.3% | 3,160.2 | 0.1% |
| Октябрь | 4,362,550.0 | 2,441,473.2 | 56.0% | 1,917,874.6 | 44.0% | 3,160.2 | 0.1% |
| Ноябрь | 4,561,550.0 | 2,476,473.2 | 54.3% | 2,081,874.6 | 45.6% | 3,160.2 | 0.1% |
| Декабрь | 4,750,550.0 | 2,486,473.2 | 52.3% | 2,260,874.6 | 47.6% | 3,160.2 | 0.1% |
| Январь'2013 | 4,841,300.0 | 2,536,223.2 | 52.4% | 2,301,874.6 | 47.5% | 3,160.2 | 0.1% |
| Февраль | 4,955,200.0 | 2,650,123.2 | 53.5% | 2,301,874.6 | 46.5% | 3,160.2 | 0.1% |
| Март | 5,075,200.0 | 2,770,123.2 | 54.6% | 2,301,874.6 | 45.4% | 3,160.2 | 0.1% |
| Апрель | 5,089,700.0 | 2,784,623.2 | 54.7% | 2,301,874.6 | 45.2% | 3,160.2 | 0.1% |
| Май | 5,107,700.0 | 2,707,009.2 | 53.0% | 2,397,488.6 | 46.9% | 3,160.2 | 0.1% |
| Июнь | 5,612,700.0 | 2,796,903.1 | 49.8% | 2,812,594.7 | 50.1% | 3,160.2 | 0.1% |
| Июль | 5,728,700.0 | 2,796,903.1 | 48.8% | 2,928,594.7 | 51.1% | 3,160.2 | 0.1% |
| Август | 5,598,700.0 | 2,838,031.9 | 50.7% | 2,757,465.9 | 49.3% | 3,160.2 | 0.1% |